**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРАКОЛЬСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги IV- сессиясынын № 17 Токтому

**Арал айылы** **31.05.2024-ж.**

### “Каракол таза аймак” муниципалдык ишканасынын бюджетин бекитүү жөнүндө

“Каракол таза аймак” муниципалдык ишканасынын жетекчисинин ишкананын 2024-жылга түзүлгөн бюджетинин долбоору тууралуу маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, **кезектеги сессия токтом кылат:**

1. “Каракол таза аймак” муниципалдык ишканасынын 2024-жылга түзүлгөн бюджетинин долбоору кошумчасы менен бекитилсин( Бюджет тиркелет).
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджеттик комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

Бекитемин
Каракол айылдык Кеңешинин
2024-жылдын №_____ токтому
Каракол айыл аймагынын айылдык
кеңешинин төрагасы Ф.К.Токушев
_____________ "___"______ 2024-ж.

Талас облусунун Талас районунун
Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн
"Каракол таза аймак" муниципалдык ишканасынын 2024-жылга карата
бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү.

| № | Аталышы | Айы | Наркы (сом) | Жалпы суммасы |
|---|---|---|---|---|
| | **КИРЕШЕ БӨЛҮГҮ** | | | |
| | Таза-Суу 420 түтүн (Арал) | Май-декабрь | 100 | 336 000 |
| | 2 мектеп, бала бакча айыл өкмөтү | 8 ай | | 137 500 |
| | Техника Арал | | | 200 000 |
| | Таштанды Арал 450 түтүн | 8 ай | 50 | 180 000 |
| | Жайыт Арал | | | 320 000 |
| | Таза-Суу Үч-Эмчек 350 түтүн | 8 ай | 100 | 280 000 |
| | Таштанды Үч-Эмчек 350 түтүн | 8 ай | 50 | 210 000 |
| | Жайыт Үч-Эмчек | | | 320 000 |
| | Техника Үч-Эмчек | | | 205 000 |
| | Таза-Суу Каракол 413 түтүн | 8 ай | 100 | 330 400 |
| | Техника Каракол | | | 400 000 |
| | Таштанды 413 | 8 ай | 50 | 165 200 |
| | Жайыт Көпүрө-Базар | | | 320 000 |
| | Антена (эки антена О, Билайн ) | | | 120 000 |
| | Ак-Таш | | | 102 350 |
| | Сугат суу(АВП) | | | 380 000 |
| | **Жалпы** | | | **4 006 450** |
| | **ЧЫГАША БӨЛҮГҮ** | | | |
| | Айлык акы | Май-декабрь(8 ай)<br>Июнь-декабрь (7 ай)<br>Мурап (5 ай) | 166 500<br>17 360<br>60 000 | 1 332 000<br>121 520<br>300 000 |
| | Соц.фонд 17,25% | 8 ай | 28 722<br>2995<br>10350 | 229 776<br>20 965<br>51 750 |
| | Бардыгы (айлык акы, соц .фонд) | | | **2 056 011** |
| | Канцлярдык товар | | | 30 000 |
| | Хлор | | | 80 000 |
| | Сатуудан түшкөн салык 3% | | | 28 800 |
| | ГСМ транспорт чыгымдар | | | 80 000 |
| | Командировкалык чыгымдар | | | 60 000 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Таштандыга | | | 60 000 |
| | Электр энергияга | | | 50 000 |
| | Ар кандай чыгымдар суу түтүктөр ремонтуна | | | 1 590 439 |
| | | | | 4 006 450 |

**Жетекчи** **Б.О. Сыдыгалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги IV- сессиясынын № 18 Токтому**

**Арал айылы** **31.05.2024-ж.**

**Айыл тургундарынын арыздарын кароо**

Арал айылынын тургуну Жунушова Айгүлдүн материалдык жардам катары Арал мектебинин эски имаратын бузуудан чыккан курулуш материалдарын турак-жай курууга пайдалануу үчүн жазган арызын карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Айыл тургуну Жунушова Айгүлдүн арызы канааттандырылсын.
2. Арал орто мектебинин эски имаратын бузуудан чыккан курулуш материалдары материалдык жардам катары арыз ээсине берилсин.
3. Токтомдун аткарылышы социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги IV- сессиясынын № 19 Токтому**

**Арал айылы** **31.05.2024-ж.**

**Айыл тургундарынын арыздарын кароо**

Айыл тургуну Азаматов Меймандын айыл аймагындагы союз мезгилинде курулган универмагдын өндүрүштүк багытын коммерциялыктан өзгөртүп, жеке менчик турак-жай куруууга уруксат берүүнү сурап жазган арызын карап жана талкуулап чыгып , кезектеги сессия **токтом кылат** :

1. Айыл тургуну Азаматов Меймандын арызы канааттандырылсын.
2. Айыл аймагындагы союз мезгилинде курулган универмагдын өндүрүштүк багыты коммерциялыктан өзгөртүлүп, жеке менчик турак-жай куруууга арыз ээсине уруксат берилшсин.
3. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛ ОКМОТ КАРАКОЛСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# БУЙРУК

**2024-жылдын 19-июну** **№** **Арал айылы**

**Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов орто мектебинин ашканасына кошумча жабдууларды алуу үчүн тендер өткөрүү жөнүндө**

Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов орто мектебинин ашканасына кошумча жабдууларды алууга тендер өткөрүү максатында **буйрук кылам:**

1. Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов орто мектебинин ашканасына кошумча жабдууларды алууга тендер өткөрүү үчүн жергиликтүү бюджеттин айыл өкмөтү бөлүмүнүн 2215-статьясынан 47530(кырк жети миң беш жүз отуз ) сом акча каражатына тендер жарыялансын.

2. Буйруктун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн мамлекеттик сатып алуулар боюнча жетектөөчү адис Советбекова Г. Н. милдеттендирилсин.

**Башчы** **К.М.Мамажанов**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги V- сессиясынын № 20 Токтому**

**Арал айылы** **06.06.2024-ж.**

**2024-2025-жылдарга көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча эрежелер тууралуу Жобону жана иш чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы №305 Жарлыгын аткаруу максатында 2024-2025-жылдарга көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча эрежелер тууралуу Жобо жана иш чаралар планы жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагында көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча эрежелер тууралуу Жобо жана 2024-2025-жылдарга белгиленген иш-чаралар планы бекитилсин.
2. Иш чараларды уюштурууга жергиликтүү бюджеттин тиешелүү статьяларынын эсебинен каражаты каралсын.
3. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

Каракол айылдык кеңешинин
2024-жылдын 6-июнундагы
№ 20 токтому менен бекитилди

## Каракол айыл аймагында көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты сактоо боюнча типтүү эрежелер

### 1. Жалпы жоболор

1. Айыл аймакты көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты сактоо боюнча типтүү эрежелери (мындан ары - Эрежелер) Кыргыз Республикасынын "Укук бузуулар жөнүндө" кодексинe, "Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө", "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, "Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы №305 Жарлыгына жана калктуу конуштарды тышкы көрктөндүрүү жана айлана-чөйрөнү коргоонун абалына талаптарды аныктаган Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу агенттигинин 2022-жылдын 28-ноябрындагы №262 буйругунун негизинде иштелип чыкты.

2. Эрежелер тышкы көрктөндүрүү, жашылдандыруу жаатында бирдиктүү жана милдеттүү талаптарды белгилейт, менчигинин түрүнө карабастан бардык юридикалык жана жеке жактар үчүн айыл аймактарынын аймагын тазалоонун жана тейлөөнүн тартибин аныктайт.

3. Айыл өкмөтү эрежелерде белгиленген көрктөндүрүү маселелери менен байланышкан жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн жоопкерчиликтүү болушат.

### 2. Катуу турмуш-тиричилик калдыктарды чогултуу жана чыгаруу иштерин уюштуруу

4. Айыл аймакка караштуу жерде жашаган же өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзгөн физикалык же юридикалык тараптар (абоненттер) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары КТТК ташып чыгаруу кызматын көрсөтүүчү менен КТТК ташып чыгаруу боюнча келишимдерди түзүүгө милдетүү.

5. Жеке турак жайларда жашаган тургундарга КР Жарандык кодексинин нормаларына ылайык коомдук келишимдерди түзүүгө жол берилет.

6. Жеке турак жайларда жашаган тургундар калдыктарды каптарга бөлүштүрүп иргейт.

7. Таштандылар салынган каптарды же контейнерлердеги калдыктарды жүктөө учурунда чачылган таштандылар үчүн жоопкерчилик кызмат көрсөтүүчүгө жүктөлөт. Чарба ишмердүүлүгүн жүргүзүүчү мекеме-уюмдардын таштандыларын чогултуу жана убактылуу сактоо ошол ишканалардын ушул максат учун атайын жабдылган шаймандарынын күчү менен ишке ашырылат.

8. Таштанды салынган каптарды чогултуучу аянттардын же таштандылар салынган каптардын ашып-ташып жыйылып кетишине, контейнерлердеги таштандыларды өрттөөгө жол берилбейт. Таштандылар графиги боюнча өз убагында ташылып кетүүгө тийиш.

9. Контейнер аянтчаларын жана контейнерлерди эксплуатациялаган жана тейлеген мекеме-уюмдар өз убагында ремонттоп, оңдоо иштерин жүргүзүп, пайдалануудан чыккан контейнерлерди алмаштыруусу керек.

10. Таштандыларды чогултуу үчүн жайлар, же контейнерлер айыл өкмөтү, айыл башчылары жана катуу турмуш-тиричилик калдыктарды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчү менен макулдашуу боюнча атайын жабдылган аянтчаларга коюлат.

11. Жолдун өтүүчү бөлүгүнө, тротуарларга, газондорго, ошондой эле ирригациялык каналдардан 10 метрден жакын аралыкка таштанды салынган каптарды коюуга жана контейнерлерди орнотууга тыюу салынат.

12. Түзүлгөн келишимдерге ылайык абоненттерден таштандыларды чыгаруу катуу турмуш-тиричилик калдыктарды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчү тарабынан ишке ашырылат.

13. Кызмат көрсөтүүчү тейлөөсүнө кирбеген юридикалык жактар таштандыларды өздүк автотранспорт каражатары менен таштанды жайларына ташып чыгарышат.

14. Түзүлгөн келишимдерге ылайык, абоненттерден катуу турмуш-тиричилик калдыктарды ташып чыгаруу үчүн төлөмдөр жергиликтүү кеңеш бекиткен тарифке ылайык алынат.

15. Юридикалык жана жеке жактар катуу турмуш-тиричилик калдыктарды чыгаруу жана жок кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү Каракол айыл кеңешинин ченемдик укуктук актыларына жана кызмат көрсөтүүчү менен түзүлгөн келишимдерге ылайык өз убагында жана толук төлөөгө милдеттүү.

16. 27-пунктта көрсөтүлгөн талаптар аткарылбаса, Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин ченемдерине ылайык, көрктөндүрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

17. Көлөмдүү таштандыларды (калдыктарды) чыгаруу үчүн жоопкерчилик ири өлчөмдөгү калдыктарга ээ болгон мекемелерге жана жеке жактарга жүктөлөт.

18. Кыймылсыз объекттерди курууну жеке жана юридикалык жактар ишти баштоонун алдында курулуш калдыктарын чыгаруу боюнча келишимдерди түзүүгө, аларды өз алдынча (таштанды чыгаруу келишимине ылайык) же таштанды чыгаруучу кызмат көрсөтүүчү менен түзүлгөн келишим боюнча алып чыгууга милдеттүү.

19. Газондорду түшкөн жалбырактардан тазалоо, бактарактарды санитардык кыркуу, бак-дарактарды кыюу, тосмолорду бузуу, чөптөрдү чабуу жана башка иштердин натыйжасында пайда болгон таштандылар катуу турмуш-тиричилик калдыктарды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчү тарабынан жүзөгө ашырылат.

20. Муниципалдык көчөлөрдү жана аянттарды муниципалдык заказ боюнча тазалоонун натыйжасында пайда болгон көчө таштандыларын чыгарууну катуу турмуш-тиричилик калдыктарды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчү ишке ашырат.

21. Көчөлөргө жана башка коомдук жайларга таштанды челектерин орнотуу зарыл.

22. Калк массалык түрдө баруучу жайларда таштанды челектер бири-биринен 50 метр аралыкта жайгаштырылат. Көчөлөрдө бири-биринен 100 метрге чейинки аралыкта болот. Жүргүнчүлөрдү ташуучу коомдук транспорттун аялдамаларында жана мекеме-уюмдарга кире беришке таштанды челектердин саны экиден кем эмес болууга тийиш.

23. Таштанды челектер бекитилип берилген аймактарды тейлөөгө жооптуу жеке жана юридикалык жактар тарабынан өз каражаттарынын эсебинен орнотулат.

24. Коншу аймакка жана башка коомдук жайларга таштанды челектер жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын же катуу турмуштиричилик калдыктарды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчүнүн бюджетинин эсебинен орнотулат.

25. Таштанды челектерди тазалоо иштери катуу турмуштиричилик калдыктарды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчү тарабынан толтурулганына жараша, бирок күнүнө бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт. Таштанды челектер алардын кирдегенине жараша, бирок жумасына бир жолудан кем эмес жуулат.

26. Бөлүнгөн жерге орнотулган таштанды челектерди объекттердин ээлери жана ижарачылары жууйт.

27. Таштандыларды уруксатсыз таштоого, өрттөөгө күнөөлүү адамдар укук бузуулар жөнүндө колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жоопкерчиликке тартылат.

28. Таштандыларды уруксатсыз таштаган адамдарды аныктоого мүмкүн болбогон учурда, таштандыларды жок кылуу жана уруксат берилбеген таштанды таштоочу жайларды рекультивациялоо айыл өкмөтү же ал жактан ыйгарым укук берилген адам тарабынан белгиленген тартипте, белгиленген мөөнөттөрдө аймактын менчик ээсинин же жерди пайдалануучунун каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.

29. Таштандыларды жок кылуучу жайларды кутуу үчүн жоопкерчилик жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органына жана таштандыларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчүгө жүктөлөт.

### 3. Тартипти, тазалыкты жана корктөндүрүүнү камсыз кылуу

54. Юридикалык жана жеке жактар айыл өкмөтүнүн бүткүл аймагында, анын ичинде коомдук жайларда тазалыкты жана тартипти сактоого, көрктөндүрүү элементтеринин (жолдор, тротуарлар, газондор, кичи архитектуралык формалар, сырткы жарыктандыруу, ирригациялык түйүн ж.б.) бузулушуна жана зыян тартышына жол бербөөгө ар кандай мүлк объектилерине кам көрүүгө милдеттүү.

55. Айыл аймакта тиричилик жана курулуш таштандыларын, өндүрүш калдыктарын, кыйылган бак-дарактарды, жалбырактарды, карды жалпы пайдаланылып жаткан жерге чыгарууга жол берилбейт.

56. Таштанды челектерин, көчө чырактарын, эстеликтерди, отургучтарды жана башка чакан архитектуралык формаларды бузууга жана зыян келтирүүгө тыюу салынат.

57. Ишканалардын жана жеке чарбалардын ички аймактарында, жер тилкелеринде таштандыларды, жалбырактарды, автоунаалардын дөңгөлөктөрүн, өндүрүш калдыктарын өрттөөгө, от жагууга, таштандыларды көмүүгө тыюу салынат.

58. Газондорго, гүлзарларга, балдар аянтчаларына, ирригациялык жана коллектордук-дренаждык тармактарга ар кандай багыттагы объекттерди жайгаштырууга, ошондой эле ирригациялык тармактардын жумушчу бөлүгүн тартуучу түтүктөрдү төшөөгө тыюу салынат.

### 5. Жашылдандыруу

59. Объектилерди жашылдандырууга төмөнкү иштер кирет:

- бак-дарактарды отургузуу,
- бак-дарактарды жана бадалдарды, гүлзарларды багуу боюнча иштер
- жер кыртышын азыктандыруу, сугаруу, жумшартуу, отоо чөптөрдү тазалоо, өсүмдүктөрдү зыянкечтерден, илдеттерден жана отоо чөптөрдөн коргоо, жылуулукту сүйүүчү өсүмдүктөр коргоо (бардык тиешелүү жумуштарды аткаруу менен), жер семирткичтерди, таштандыларды жүктөө жана түшүрүү;
- куурап калган жана кулай турган дарактарды кыюу жана башкалар;
- газонду багуу боюнча жумуштар

- тырмоо, жумшартуу, жер семирткичтерди чачуу, сугаруу, отоо чөптөрдү тазалоо, таштандыларды жана түшкон жалбырактарды жыйноо, топуракка отургузуу, газондун капталындагы өсүмдүктөр кыюу, чөптөрдү чабуу, пестициддер жана гербициддер менен дарылоо;
- скверлерди жана бакчаларды тосуу;
- айыл жерлерин жашылдандырууга тиешелүү жана башка дагы жумуштарды аткаруу.

60. Жашыл аймактарды талаптагыдай күтүү жана сактоо үчүн жоопкерчилик төмөнкүлөргө жүктөлөт:

- Жалпы пайдалануудагы аймактарда
- парктарда, скверлерде, сейил бактарда, көчөлөрдө айыл өкмөтү тиешелүү кызматтарды/иштерди аткаруучуга;
- турак жайлар жайгашкан кичи райондордогу жана квартал ичиндеги участоктордо
- үй жана кварталдык комитеттерге, турак жай ээлеринин бирикмелерине, имараттарды ижарага алуучуларга жана жер участокторунун ээлерине;
- уюмдардын, ишканалардын жана башка юридикалык жактардын аймактарында өткөл жердеги уюмдардын жетекчилерине;

61 . Жашыл аянттардын бардык түрлөрү үчүн сугаруунун жыштыгы май айынан октябрды кошо алганда 7-10 күндө бир жолудан кем эмес болушу керек.

62. Жашылдандыруу объектилериндеги жашыл аянттарды сугаруу эртен менен саат 8.00-9.00дон кечиктирбестен же кечинде саат 18.00-19.00дон кийин жүргүзүлөт.

63. Кызматтарды/иштерди сунуштоочу жашыл аянтчалардын таажысын өз убагында кыркууну камсыз кылат.

64. Таажыны санитардык кыркуу иштерине эскирген, илдетке чалдыккан, куурап калган жана бузулган бутактарды, ошондой эле таажысы ичине карай өскөн же бири-бирине жакын жайгашкан бутактарды алып салуу сыяктуу иштерди аткаруу камтылат. Санитардык кыркуу жыл сайын бүткүл вегетация мезгилинде жүргүзүлөт.

65. Түзүлүшүн келтирүү үчүн кыркуу - таажыга ылайыктуу түзүлүштү камсыздоо, өсүмдүктөрдүн бийиктигин тегиздөө, жол белгилеринин, светофорлордун ж.б. көрүнүүсүн камсыз кылуу максатында жүргүзүлөт. Бак-дарактарды жана бадалдарды калыптандыруу иштери бак-дарактар чандашып (ширелерин бөлүп чыгаруу) жаткан мезгилде (апрель-май) жүргүзүлбөйт.

66. Аймактарды жашылдандыруу аларды курулуш материалдарынын калдыктарынан, таштандылардан тазалоодон, жер астындагы коммуникацияларды жана курулмаларды төшөөдөн, жолдорду, өтмөлөрдү, тротуарларды төшөөдөн, аянтчаларды жана тосмолорду иретке келтиргенден кийин жүргүзүлөт.

67. Өсүшү начар бак-дарактарды жана бадалдарды, таажысы бузулган (бир жактуу, жалпак ж.б.), жаракалары бар, ошондой эле зыянкечтерден жана илдеттерден жабыркаган бак-дарактарды отургузууга тыюу салынат.

68. Айыл аймактарынын чегинде жайгашкан бардык жашыл зоналар менчигинин түрүнө карабастан бирдиктүү жашыл фондду түзөт жана коргоого алынат,

69. Жаңы бак-дарактарды жана бадалдарды отургузуу, жолдордун тармагын өзгөртүү менен кайра куруу жана техниканы жайгаштыруу иштери агротехникалык шарттарды так сактоо менен белгиленген тартипте макулдашылган долбоорлор боюнча гана жүргүзүлүүгө тийиш;

70. Жашылдандырылган аймактарда төмөнкүлөр тыюу салынат:

- жашыл аянтчаларды кыюуга же жок кылууга уруксат берилген учурларын кошпогондо, жашыл аянтчаларды бузууга жана жок кылууга;
- тиешелүү кызматтардын макулдугу жок бак-дарактарды, бадалдарды өз алдынча кыюуга жана отургузууга, огороддорду жана газондорду иретке келтирүүгө,

- бакчанын жана парктын жолдорун тазалоодон алынган таза кардан тышкары, таштандыларды, карларды жана муздарды тогуучу жайларды уюштурууга;
- калдыктарды жана башка булганган заттарды газондорго төгүүгө;
- жалбырактарды күйгүзүүгө, жапырт жалбырак түшүү мезгилинде аларды арыктарга шыпырып салууга, алар менен бак-дарактарды жана бадалдарды көмүп салууга (аларды көчө бойлой жайылып кетпеши үчүн чогултуу, компост салуу үчүн атайын болунгон жерлерге алып салуу же таштанды жайларына алып баруу максатка ылайыктуу);
- от жагууга жана өрт коопсуздугунун эрежелерин бузууга;

### 6. Тышкы жарыктандыруу

72. Муниципалдык менчиктеги тышкы жарыктандыруу тармактарын тейлөө айыл өкмөтү дайындалган кызмат көрсөтүүчү/подрядчы тарабынан жүргүзүлөт.

73. Жарык берүүчү тармактарды эксплуатациялоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 155 токтомун менен бекитилген электр энергиясын пайдалануу эрежелери менен жөнгө салынат.

74. Тышкы жарыктандырууну күйгүзүү жана өчүрүү айыл өкмөтү тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген графиктер боюнча жүргүзүлөт.

75. Жергиликтүү бийлик коомдук жайларда иштебей турган көчө чырактарынын санына жол берилген ченемди белгилейт.

76. Металл мамылар жана тышкы жарыктандыруунун башка элементтери таза, дат басылбашы жана зарыл болгон учурда сырдалышы керек, бирок үч жылда бир жолудан кем болбоого тийиш.

77. Жеке жана юридикалык жактар өздөрүнө берилген аймактарда орнотулган же сатып алынган тышкы жарыктандыруунун элементтерин жабдууга жана жакшы абалда кармап турууга милдеттүү.

78. Сырткы жарыктандыруунун жана майрамдык иллюминациянын жаңыдан киргизилген элементтерин жайгаштыруу айыл өкмөтү менен макулдашылат.

### 7. Эрежелерди бузгандыгы үчүн юридикалык жактардын, кызмат адамдарынын жана жарандардын жоопкерчилиги

79. Ушул Эрежелерди бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык тартиптик, жарандык жоопкерчилик белгиленет.

80. Бул көрктөндүрүү эрежелерин бузууга күнөөлүү юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 114-беренесинин 1-пунктуна ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

81. Таштандыларды белгиленбеген жерлерде чыгарган, өрттөгөн юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 115-беренесине ылайык жоопкерчилик тартат.

82. Укук бузуулар жөнүндө иштерди кароого ыйгарым укуктуу айыл өкмөтүнүн атайын комиссиялары белгиленген тартипти бузгандарга Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодесине ылайык жаза чараларын көрөт.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги V- сессиясынын № 21 Токтому**

**Арал айылы** **06.06.2024-ж.**

**Тех.надзордун кызмат көрсөтүүсүнө акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Тех.надзордун кызмат көрсөтүүсүнө акча каражатын бөлүү максатында **токтом кылат:**

1. 2023-жылдагы өткөрүлгөн тендерден үнөмдөлгөн акча каражаты эсебинен 65,0(алтымыш беш миң) сом акча каражаты тех.надзордун кызмат көрсөтүүсүнө бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги V- сессиясынын № 22 Токтому**

**Арал айылы** **06.06.2024-ж.**

**Дем берүүчү үлүштүк грантка өздүк салым катары акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Көпүрө-Базар айылындагы Р.Айдаралиев орто мектебинин терезе эшиктерин алмаштырууга дем берүүчү үлүштүк грантка өздүк салым катары акча каражатын бөлүү максатында **токтом кылат:**

1. 2023-жылдагы өткөрүлгөн тендерден үнөмдөлгөн акча каражаты эсебинен 450,0( төрт жүз элүү миң) сом акча каражаты Көпүрө-Базар айылындагы Р.Айдаралиев орто мектебинин терезе эшиктерин алмаштырууга дем берүүчү үлүштүк грантка өздүк салым катары бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги V- сессиясынын № 23 Токтому**

**Арал айылы** **06.06.2024-ж.**

**Дем берүүчү үлүштүк грантка өздүк салым катары акча каражатын бөлүү жөнүндө**

К.Нанаев атындагы Арал орто мектебинин имаратынын тегерегин курчоого дем берүүчү үлүштүк грантка өздүк салым катары акча каражатын бөлүү максатында **токтом кылат:**

1. 2023-жылдагы өткөрүлгөн тендерден үнөмдөлгөн акча каражаты эсебинен 83,0 (сексен үч миң) сом акча каражаты К.Нанаев атындагы Арал орто мектебинин имаратынын тегерегин курчоого дем берүүчү үлүштүк грантка өздүк салым катары бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII- чакырылышынын кезектеги V- сессиясынын № 24 Токтому**

**Арал айылы** **06.06.2024-ж.**

**М.Сейталиев орто мектебинин капиталдык ремонттон өткөрүү жана кошумча корпус куруу иштерин толук бүткөрүүгө кошумча каражат бөлүү жөнүндө**

М.Сейталиев орто мектебинин капиталдык ремонттон өткөрүү жана кошумча корпус куруу иштерин толук бүткөрүүгө кошумча каражат бөлүү максатында **токтом кылат:**

1. М.Сейталиев орто мектебинин капиталдык ремонттон өткөрүү жана кошумча корпус куруу иштерин толук бүткөрүүгө кошумча каражат катары жергиликтүү бюджеттен 362700 (үч жүз алтымыш эки миң жети жүз) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги V- сессиясынын № 25 Токтому**

**Арал айылы** **06.06.2024-ж.**

**Каракол жайлоосуна кетүүчү жолдорду оңдоого Талас өнүктүрүү фондусуна долбоор жазууга макулдук берүү жөнүндө**

Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынын 2024-жылга аткарылууга белгиленип жаткан, **"Каракол жайлоосуна кетүүчү жолдорду оңдоо"** долбоорун Талас өнүктүрүү фондусуна өткөрүүгө макулдук берүү жөнүндөгү сунушун угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат :**

1. Каракол жайлоосуна кетүүчү жолду ремонттоого Талас өнүктүрүү фондусуна долбоор даярдалып, тапшырылсын.
2. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Ф.К.Токушев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги V- сессиясынын № 26 Токтому**

**Арал айылы** **06.06.2024-ж.**

**Айыл тургуну Апышов Бактыбектин дарылануусуна материалдык жардам катары акча каражатын бөлүү жөнүндөгү айыл тургундарынын арыздарын кароо жөнүндө**

Айыл тургундарынын 2016-2021-жылдары айыл өкмөтүнүн башчылык кызматын аркалаган Апышов Бактыбектин дарылануусуна акча каражатын бөлүп берүү жөнүндөгү арызын карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Айыл тургуну Апышов Бактыбектин дарылануусуна жергиликтүү бюджеттин социалдык иш-чаралар бөлүмүнөн 70,0( жетимиш миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги V- сессиясынын № 27 Токтому**

**06.06.2024-ж.**

**Арал айылы**

**Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов атындагы орто мектебинин мектеп ашканасына кошумча жабдууларды алуу үчүн дүйнөлүк банктын колдоосу менен өткөн долбоордун күтүүсүз чыгымдары үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов атындагы орто мектебинин мектеп ашканасына кошумча жабдууларды алуу үчүн дүйнөлүк банктын колдоосу менен өткөн долбоордун күтүүсүз чыгымдары үчүн акча каражатын бөлүү максатында кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов атындагы орто мектебинин мектеп ашканасына кошумча жабдууларды алуу үчүн дүйнөлүк банктын колдоосу менен өткөн долбоордун күтүүсүз чыгымдары үчүн жергиликтүү бюджеттен 47530 ( кырк жети миң беш жүз отуз) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги V- сессиясынын № 28 Токтому**

**06.06.2024-ж.**

**Арал айылы**

**Каракол жайлоосунда топоз багуучулардын жайыты жөнүндө**

Каракол жайлоосундагы топоз багуучуларды топоздорун алыскы жайыттарга(атайын топоздор жайылган бийик тоолордо жайгашкан жайыттарга) жаюу боюнча чектөө киргизүү жөнүндөгү депутат Сейталиев Орозбайдын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Каракол жайлоосундагы топоздор Үч-Чат, Жанчар, Туюк-Төр, ж.б алыскы топоз жаюууга ылайыктуу жайыттарына жаюу жагы топоз багуучуларга эскертилсин.
2. Топоздорун белгиленген жайлоолорго жайбаган топоз багуучуларга айылдык кеңештин чечими менен бекитилген жаза чаралар колдонулсун .
3. Токтомдун аткарылышы “Каракол таза аймак” МИ башчысынан суралсын.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги V- сессиясынын № 29 Токтому**

**Арал айылы** **06.06.2024-ж.**

**Каракол айыл аймагындагы үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндөгү Жобону бекитүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагындагы үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндөгү Жобону карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагындагы үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндөгү Жобо бекитилсин.
2. Жобонун айыл аймагында аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн комиссияга жүктөлсүн .
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

Каракол айылдык кенештин
2024-жылдын 6-июнундагы
№ 29- токтому менен бекитилди

**Каракол айыл аймагында үй - бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Типтүү жобо**

1. Жалпы жоболор
2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби.
3. Үй-бүлолүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби
4. Өлгөндү эскс алуу ырым-жырымдарын өторүүнүн тартиби
5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөнду эске алуу ырым-жырымдарын откорүүнү ирээтке келтирүүчү көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары.
6. Жергиликтүү комиссия.

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо “Кыргыз Республикасында үй бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөнду эске алуу ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө” Кыргыз Респуликасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ № 54-Жарлыгына ылайык, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыгылган, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2. Жобонун максаты шарларда , айылдарда жана калктуу конуштарда үй бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эскс алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүү, аларды өткөрүүдө убаракерчиликке, өлүк ээсин мажурлого , өзүн көрсөтүүгө умтулууга , башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого , ашыкча ысырапкорчулукка , элдин салт – санаасын, үрп – адатын тоготпоого жол бербөө , ата салтына жат терс салттардын күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт – санаасын жана ырым-жырымдарын кеңири пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелет.

**2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби**

2.1 Айыл аймагында үй бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону (мындан ары – жобо) иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен курамы айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен , жергиликтүү кеңештин депутаттарынан , ардагарлердин, аялдар жана жаштар уюмдуранынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, жергиликтүү коомдоштуктун окүлдөрүнөн турган жумушчу топ түзүлөт.

2.1 2.2 Ушул типтүү жобонун негизинде жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору Каракол айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын кезексиз сессиясында талкууланып 2024-жылдын 6-июнундагы №____ токтому менен бекитилди

**3. Үй бүлөлүк салтанаттарды откөрүүнүн тартиби**

3.1. Үй бүлөлүк салтанаттарга бешик тою, тушоо кесүү тою, балдарды сүннөткө отургузуу, нике (үйлөнүү) тою, куда тосуу, мааракe салтанаттары жана башкалар кирет.

3.2. Үй-бүлөлүк салтанаттарда себет берүү,түштөндүрүү,уча тартуу ырым-жырымдарга тыюу салынат.

**4. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби**

4.1. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын (акыркы сапарга узатууда майып койулуп келгенден кийин 3 койго чейин союу, андан ашпоосу керек. Кыркылыкка 1 кой союу, чоң ашка кой союу андан ашык союуга тыюу салынат.

4.2. (үчүлүк, жетилик, жумалык 52 күндүк, жылдык ) откөрүүгө тыюу салынат.

4.3. Өлгөндү эске алуу ырым – жырымдары мал союпу эсепке албаганда айылдарда жана башка калктуу конуштарда калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча өткөрүлөт.

4.4.- Маркумду акыркы сапарга узатууда тасмалга салат, ар кандай кургатылган жер жемиш, дапектерди коюу жагы токтотулсун.

4.5. Өлгөндү эске алуу ырым – жырымдарында ашыкча чыгымдар (кийит, килем, жыртыш, достору жана классташтары аркылуу мал союп куран окутуу, ж.б) токтотулсун.

**5. Үй бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, козомөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары**

Жобого ылайык үй бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү органдарга жана кызмат адамдарына жергиликтүү комиссия кирет.
Бардык комиссия өздөрүнүн ишин документтештирет.

**5.1 Жергиликтүү комиссия**

**5.1.** Айыл аймакта үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону иштеп чыгуу үчүн айыл окмөтүнүн башчысынын, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан, ардагерлердин, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын , өкмөттүк эмес уюмдардын окүлдөрүнөн турган төмөндөгү курамдагы түшүндүрүү

иштерин жүргүзүүчү комиссиясы Каракол айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 8-майындагы № 83 буйругу менен бекитилген ( **83 б. тиркеме тиркелет).**

5.2.Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү өлгөндү эске алуу ырым-жырымы өткөрүлүп,жаткан жерге чогуусу менен барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, өлүк ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат, жобонун аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт, жобонун талаптарын бузуу болгон учурда ал жөнүндө комиссияда маселе карайт, талапты бузган адамдарга карата чара көрөт.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги V- сессиясынын № 30 Токтому**

**Арал айылы** **06.06.2024-ж.**

**Каракол айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекитүү жөнүндө**

Каракол айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө Жобону карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

**1.** Каракол айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө Жобо бекитилсин.

**2.** Жобонун негизинде иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн "муниципалдык жер участокторуна менчик же ижара укуктарын берүү , муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү, пайдаланууга ижарага берүү боюнча комиссияга" милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

Тиркеме

Каракол айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2024-жылдын 6-июнундагы № 30 токтомуна

**Каракол айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө ЖОБО**

**1-глава. Жалпы жоболор**

1. Муниципалдык менчиктеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө ушул жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык иштелип чыгып, муниципалдык менчиктеги объекттерди кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк түрүндө пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартибин жана шарттарын белгилейт.

2. Каракол айыл өкмөтү ушул Жобонун 8-главасын жана 11-пункттун кошпогондо, ушул Жобонун жана өз ыйгарым укуктарынын талаптарына ылайык муниципалдык мүлктү пайдаланууга жана ижарага берүү боюнча иш-аракеттерди өз алдынча жүзөгө ашырат.

**2-глава. Ушул Жободо колдонулган түшүнүктөр**

3. Ушул Жободо пайдаланылган түшүнүктөр:

**ижара** – ижарага берүүчү тарабынан муниципалдык менчиктеги объектти пайдалануу укугу менен ижарага алуучуга белгиленген акы алуу менен белгилүү бир мөөнөткө берүү;

(Агенттиктин 2023-жылдын 5-июнундагы № 164 буйругунун негизинде өзгөртүүлөр киргизилди)

**ижарачы** – ушул Жободо белгиленген тартипте муниципалдык менчиктеги объектке убактылуу ээлик кылуу жана пайдалануу укугу берилген жеке же юридикалык жак;

**ижарага берүүчү** – муниципалдык мүлктү ижарага берүүгө тиешелүү ыйгарым укуктар аларга берилген учурда жергиликтүү өз

алдынча башкаруунун аткаруу органы, ошондой эле муниципалдык мекеме, муниципалдык ишкана;

**аукцион** – тооруктун түрү, мында эң жогорку бааны сунуш кылган катышуучу жеңүүчү деп таанылат;

**аукционду алып баруучу** – тоорукту аукцион формасында жүргүзгөн жана аукционду өткөрүү эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөгөн жак;

**арыз ээси** – муниципалдык менчиктеги объектти ижарага берүү боюнча тоорукка катышуу үчүн өтүнмө берген жеке же юридикалык жак;

**конкурс** – тооруктун түрү, мында тооруктун предметине карата ижарага берүүчү белгилеген шарттарды мыкты аткарууну сунуш кылган адам жеңүүчү деп табылат;

**муниципалдык менчиктеги объект** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы менчик укугуна ээ болгон кыймылдуу же кыймылсыз мүлк;

**оперативдүү башкаруу** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан муниципалдык мекемеге анын уюштуруучусу койгон тапшырмаларды аткаруу үчүн бекитилген мүлктү пайдалануу укугунун формасы;

**пайдалануу** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы уюштуруучу болуп саналган муниципалдык ишканаларга, муниципалдык мекемелерге, коммерциялык эмес уюмдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тоорук өткөрбөстөн акцияларына ээлик кылган акционердик коомдорго муниципалдык мүлк объекттерин берүүнүн формасы;

**муниципалдык менчиктеги объекттерди ижарага түз берүү** – жеке жана юридикалык жактарга (арыз ээлерине) муниципалдык менчиктеги объекттерге карата ижара укугун тоорук өткөрбөстөн түз сүйлөшүүлөр жолу менен берүү ыкмасы;

**тоорук** – муниципалдык менчикте турган объекттерге ижара укугун аукцион же конкурс түрүндө берүү ыкмасы;

**катышуучу** – тоорукка катышууга уруксат алган арыз ээси;

**чарба жүргүзүү** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан муниципалдык ишканага ал үчүн белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде чарба (коммерциялык) иштерин жүргүзүү үчүн берилген мүлктү пайдалануу укугунун формасы.

## 3-глава. Муниципалдык мүлктү пайдаланууга берүү

4. Муниципалдык мүлк муниципалдык ишканаларга жергиликтүү маанидеги маселелерди жана муниципалдык ишкананын

экономикалык туруктуулугуна өбөлгө болуучу башка тапшырмаларды аткаруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чечиминин негизинде чарба жүргүзүүгө берилет.

5. Муниципалдык ишканалар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын макулдугу менен гана муниципалдык мүлктү субижарага өткөрүп бере алышат, күрөө катары көрсөтүп, башка операцияларды жүргүзө алышат.

6. Муниципалдык мүлк жергиликтүү маанидеги маселелерди чечип, уюштуруучунун функцияларын аткаруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чечиминин негизинде муниципалдык мекемелерге оперативдүү башкарууга берилет.

7. Муниципалдык мекемелер муниципалдык мүлктү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын макулдугу менен гана субижарага өткөрүп бере алышат.

8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы уюштуруучу катары иш алып барган коммерциялык эмес уюмдарга, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жергиликтүү кеңештин чечими боюнча акцияларга ээ болгон акционердик коомдорго муниципалдык мүлктү пайдаланууга берүүгө укуктуу.

9. Пайдаланууга берилген муниципалдык мүлктүн субижарасы үчүн акы жергиликтүү бюджетке түшөт.

10. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органы, ушул Жобонун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аткарылышына мониторинг жүргүзүүгө укуктуу.

**4-глава. Тооруктардын түрлөрү**

11. Тооруктар аукцион же конкурс түрүндө өткөрүлөт.

12. Тооруктарды өткөрүүнүн негизги максаты муниципалдык менчикти ижарага берүү үчүн максималдуу бааны алуу жана жергиликтүү бюджеттин кирешелерин жогорулатуу зарылдыгы болгон учурларда аукциондун негизинде тооруктар дайындалат.

13. Аукцион түрүндөгү тооруктар электрондук соода аянтчасында электрондук форматта өткөрүлүшү мүмкүн. Тооруктар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-мартындагы №142 токтому менен бекитилген Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук форматта аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

14. Тооруктарды өткөрүүнүн негизги максаты жергиликтүү жамааттын экономикалык же социалдык чөйрөдө өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү болуп саналган учурларда конкурстун негизинде тооруктар өткөрүлөт.

15. Тооруктун бир түрүн колдонуу жөнүндө чечимди жергиликтүү кеңеш кабыл алат.

## 5-глава. Тооруктарды уюштуруу боюнча жалпы жоболор

16. Тооруктарды өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн төмөнкүлөр негиз болуп бере алат:

- муниципалдык мүлктү ижарага берүү зарылдыгы жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чечими,
- муниципалдык менчиктин айрым объекттерин ижарага берүү боюнча социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана социалдык коргоо программасынын талабы,
- муниципалдык мүлктү ижарага алууга жеке жана юридикалык жактардын арызы.

17. Тооруктарды өткөрүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы муниципалдык менчиктеги объекттерге ижара укугун берүү боюнча комиссия (мындан ары – Комиссия) түзөт.

18. Комиссиянын курамына жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын өкүлдөрү, жергиликтүү кеңештин депутаттары, коомчулуктун, коммерциялык эмес жана башка уюмдардын өкүлдөрү киргизилет.

19. Комиссиянын курамы, анын төрагасы жана катчысы жергиликтүү оз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын чечими менен бекитилет.

20. Комиссиянын мүчөлөрүнүн саны 5 адамдан кем болбойт.

21. Тооруктарды даярдоо үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы:

- пландаштырылган тооруктар боюнча маалыматтык өнөктүктү жүргүзөт,
- тоорукка катышууга талапкерлерден арыздарды кабыл алууну уюштурат,
- тооруктарды өткөрүү боюнча уюштуруу маселелерин чечет.

22. Комиссия

- келип түшкөн өтүнмөлөргө ушул Жобонун талаптарына ылайык баа берет,

- тооруктун жыйынтыгын протокол түрүндө бекитет жана аны жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысына чечим кабыл алуу үчүн жиберет,

- муниципалдык менчиктеги объекттерди ижарага берүүгө байланышкан башка маселелерди ушул Жободо каралган компетенциясынын чегинде карайт.

23. Ижарага берүүчү тоорукtарды өткөрүү үчүн төмөнкү документтерди даярдап, талапкерлерге берет:

- кыймылдуу же кыймылсыз мүлк объектисине үчүнчү жактардын укуктарынын жоктугу жөнүндө тастыктоочу маалымкатты;

- техникалык паспорттун көчүрмөсүн же объектинин техникалык мүнөздөмөлөрүн, анын ичинде техникалык коммуникациялар жөнүндө маалыматты;

- муниципалдык менчиктеги объекттин баалоочу же баланстык наркын;

- муниципалдык менчиктеги объекттер боюнча орточо айлык амортизациялык чегерүүлөрдүн эсебин;

- жергиликтүү салыктар (жер салыгы, мүлк салыгы) боюнча эсептерди;

- муниципалдык менчиктеги объекттин ижара акысынын баштапкы наркын.

24. Ижарага берүүчү арыз ээсинин талабы боюнча анын техникалык абалын текшерүү максатында ижара объектисине кирүүнү камсыз кылууга тийиш. Арыз ээсинин талабы боюнча ижарага берүүчү таанышып чыгуу үчүн объектке укук белгилөөчү жана башка документтерди берүүгө милдеттүү.

25. Өткөрүлгөн тооруктар жөнүндө кулактандыруу маалымат такталарына, шаардын/айылдык аймактын, райондун сайтына, социалдык тармактарга жана башка маалымат каражаттарына тоорук башталганга чейин 30 күндөн кечиктирбестен жайгаштырылат.

Кулактандырууда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- объекттин аталышы жана анын жайгашкан жери,

- объекттин максаттуу багыты,

- тоорукtарды өткөрүүнүн шарттары, күнү, орду,

- тооруктун баштапкы баасынын өлчөмү,

- арыздарды жана документтерди кабыл алуу башталган жана аяктаган күнү,

- тооруктун катышуучуларына коюлган квалификациялык талаптар (конкурс өткөрүлгөн учурларда),

- тоорук маселелери боюнча кошумча маалымат алууга шарт түзгөн арыздарды кабыл алуучу жердин дареги.

26. Талапкерлер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органына 1-тиркемеде келтирилген форма боюнча коштомо документтерди чапталган конвертке салып беришет.

27. Талапкерлерди каттоону жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын жооптуу кызматкери жүргүзөт. Кызматкер каттоо фактысы жөнүндө талапкерге кабарлоо менен атайын каттоо журналына киргизет (2-тиркеме).

28. Тоорукка каттоодон өткөн жана белгиленген форма (3-тиркеме) боюнча арыз берген талапкерлер катыша алышат.

29. Эгерде тоорукка катышкандардын саны экиден кем болбосо, тоорук өттү деп таанылат.

30. Муниципалдык менчиктеги объектти ижарага берүүнүн баштапкы баасы объектиге байланышкан жер салыгынын, ошол объект үчүн мүлк салыгынын суммасынан кем болбоого тийиш.

31. Муниципалдык менчиктеги объектти ижаралоонун баштапкы баасын мүлктү баалоо боюнча сертификацияланган адистин корутундусунун негизинде белгилөөгө жол берилет.

32. Тоорук эки этап менен өткөрүлөт.

33. Биринчи этапта Комиссия өтүнмөлөрдү берилген документтердин толуктугу боюнча талаптардын сакталганына жараша баалайт.

34. Экинчи этапка өтүнмөлөрү берилген документтердин толуктугу боюнча тооруктун талаптарына шайкеш келген талапкерлер киргизилет.

35. Экинчи этапта төмөнкүлөргө баа берилет:

- аукцион үчүн – сунуш кылынган максималдуу баа боюнча,
- конкурс үчүн - коюлган максатка жетүү үчүн эң жакшы сунушталган шарттар боюнча.

36. Комиссиянын чечимдери Комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес кворуму болгондо жөнөкөй көпчүлүктүн добуштары менен кабыл алынат.

37. Добуштар тең болгон учурда Комиссиянын төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат.

38. Тооруктарды өткөрүүнүн жыйынтыгы боюнча Комиссия протоколго кол койот, бул протокол тооруктун жеңүүчүсү менен келишим түзүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысына жиберилет.

39. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы Комиссиянын мүчөлөрү ушул Жобону бузгандыгынын фактысы ырасталган учурда гана Комиссиянын пикирине макул болбоого укуктуу.

40. Комиссия же анын айрым мүчөлөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын чечими менен макул болбогон учурда тооруктун жыйынтыгы боюнча акыркы чечимди жергиликтүү кеңеш өзүнүн чечими менен кабыл алат.

41. Арыздарды баалоону жүргүзүүдө техникалык мүмкүнчүлүк болгондо Комиссиянын жыйындарын онлайн режиминде өткөрүүгө жол берилет.

## 6-глава. Аукцион түрүндө тооруктарды өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрү

42. Аукционду өткөрүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы аукционду алып баруучуну дайындайт.

43. Аукциондун "арымы" баштапкы ижара акынын 10 пайызына чейинки өлчөмүндө белгиленет.

44. Аукцион лоттун аталышын, негизги мүнөздөмөлөрүн, баштапкы ижара акысын жана аукциондун "арымын" аукционду алып баруучу жарыялагандан башталат.

45. Аукциондун катышуучуларына номери коюлган билеттер берилет, алар кезектеги бааны жарыялагандан кийин билеттерди көтөрүп турушат.

46. Аукционду алып баруучу аукциондун баштапкы баасын жарыялайт жана катышуучуларга бааны аукциондун белгиленген "арымынан" кем эмес өлчөмдө жогорулатуу сунушу менен кайрылат.

47. Аукциондун катышуучусу өзүнүн билетин көтөрүп, лотту аталган баа боюнча сатып алууга макулдугун тастыктоо менен аукционду алып баруучуга кайрылат.

48. Эгер аукционду алып баруучу кезектеги бааны үч жолу жарыялагандан кийин катышуучулардын бири дагы андан жогору бааны сунуш кылбаса, акыркы – жогорку бааны сунуш кылган катышуучу жеңүүчү деп жарыяланат.

49. Аукциондун жеңүүчүсү аукцион өткөрүлгөн күнү аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюуга тийиш (4-тиркеме). Протоколго ошондой эле аукционду алып баруучу, Комиссиясынын мүчөлөрү кол коюшат.

50. Эгер аукциондун жеңүүчүсү аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартса, Комиссия аукциондун биринчи жеңүүчүсүнөн кийин экинчи жогорку бааны сунуштаган катышуучуга протоколго кол коюуну сунуш кылат. Эгерде рейтингде экинчи орунду ээлеген катышуучу аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол койсо, ал аукциондун жеңүүчүсү деп таанылат.

51. Протоколдун негизинде аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол койгондон тартып беш иш күндүн ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы менен аукциондун жеңүүчүсүнүн ортосунда ижаралоо келишими түзүлөт.

52. Төмөнкү учурларда аукцион өткөн жок деп эсептелет:

- бир катышуучу катышса,

50-пунктта каралган учурда экинчи жеңүүчү аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартса,

- баштапкы ижара акысын үч жолу жарыялагандан кийин аукциондун бир да катышуучусу жогорку бааны сунуш кылбаса.

53. Аукцион өткөн жок деп таанылган учурда кайрадан аукцион дайындалат.

54. Эгер экинчи аукцион да өткөн жок деп таанылса, Комиссия ижара укугун кайрадан өткөрүлгөн аукциондун жалгыз катышуучусуна берүү тууралуу чечим кабыл алууга же тоорукту жокко чыгарууга укуктуу.

## 7-глава. Конкурс түрүндө тоoруктарды өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрү

55. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы муниципалдык менчиктин объекттерин максаттуу багытын жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүнө, социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана жергиликтүү жамаатты социалдык коргоо программасынын талаптарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чечимдерине жараша аныктайт.

56. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы максаттуу багыттын негизинде объектти пайдалануу боюнча конкурстук талапты иштеп чыгат, ал конкурска катышууну каалагандарга берилет.

57. Арыз берүүчүлөрдөн конкурстук сунуштарды ачуу Комиссиянын мүчөлөрүнүн жана конкурстун катышуучуларынын же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн катышуусу менен ишке ашырылат.

58. Комиссия келип түшкөн конкурстук сунуштарды кезеги менен ачат, конкурстун катышуучусунун маалыматтарын, конкурстун негизги шарттарын жарыялайт жана түшкөн конкурстук сунуштарды баалоого киришет.

59. Берилген арыздарды баалоонун жүрүшүндө Комиссия конкурстун катышуучуларына өздөрүнүн конкурстук сунуштарын түшүндүрүп берүү өтүнүчү менен кайрылууга укуктуу.

60. Конкурстун ар бир катышуучусуна конкурстук сунушун негиздеп берүү укугу берилет.

61. Конкурстук сунуштарды 5-тиркемеде берилген критерийлердин негизинде Комиссиянын ар бир мүчөсү өз-өзүнчө баалап чыгат.

62. Конкурстун жеңүүчүсү ар бир өтүнмө боюнча Комиссиянын мүчөлөрү койгон упайларды суммалоо жолу менен аныкталат.

63. Конкурстун жыйынтыгы боюнча Конкурстун бардык катышуучуларынын упайларын жана конкурстун жеңүүчүсүнө берилген бааны көрсотүү менен протокол түзүлөт. Протоколдун формасы 6-тиркемеде берилди.

64. Конкурстун эки же андан көп катышуучулары алган упайлар тең болгон учурда эң жогорку ижара баасын сунуштаган катышуучу жеңүүчү болуп таанылат.

65. Эгерде бул учурда кайра баалоо бир жеңүүчүнү аныктай албаса, анда чечим бирдей жогорку упай алган катышуучулардын ортосундагы чүчүкулактын негизинде кабыл алынат.

66. Протоколдун негизинде конкурстун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол койгондон тартып беш иш күндүн ичинде ижарага берүүчү менен конкурстун жеңүүчүсүнүн ортосунда ижара келишими түзүлөт.

67. Эгер конкурстун жеңүүчүсү конкурстун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартса, Комиссия конкурстун биринчи жеңүүчүсүнөн кийин экинчи орунду ээлеген катышуучуга протоколго кол коюуну сунуш кылат. Эгерде экинчи орунду ээлеген катышуучу конкурстун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол койсо, ал конкурстун жеңүүчүсү деп таанылат.

68. Төмөнкү учурларда конкурс өткөн жок деп эсептелет:

- бир катышуучу катышса,

-67-пунктта каралган учурда экинчи орунду ээлеген тооруктун катышуучусу конкурстун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартса,

- эгерде Комиссиянын пикири боюнча бир дагы өтүнмө конкурс үчүн коюлган талаптарга жооп бербесе.

69. Конкурс өтпөй калды деп таанылган учурда, кайрадан конкурс дайындалат.

70. Эгер экинчи конкурс да өткөн жок деп таанылса, Комиссия ижара укугун кайрадан өткөрүлгөн конкурстун жалгыз катышуучусуна берүү тууралуу чечим кабыл алууга же конкурсту өткөрүүнү жокко чыгарууга укуктуу.

## 8-глава. Муниципалдык менчиктеги объекттерди түз берүү

71. "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин жоболору муниципалдык менчиктеги объекттерди тооруктарды өткөрбөстөн түз берүү ыкмасын колдонуу үчүн негиз болуп саналат.

72. Муниципалдык менчиктеги объекттерди тоорук өткөрбөстөн берүү жөнүндө чечим ар бир учур боюнча жергиликтүү кеңештин чечими менен кабыл алынат.

73. Муниципалдык менчиктин объекттерин ижарага түз берүү төмөнкү учурларда колдонулушу мүмкүн:

- муниципалдык мүлктү пайдаланган ижарага алуучу мурда түзүлгөн ижара келишиминин бардык талаптарын сактап, ижара мөөнөтү бүткөндөн кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына ижара жөнүндө өтүнүч менен кайра кайрылса,
- объекттин максаттуу багыты маанилүү социалдык маселелерди чечүү менен байланыштуу болуп, мында айылдык аймактын чегинде бул социалдык тапшырманы аткарууга жөндөмдүү башка уюмдар болбосо:
- объектиге турмуштук оор кырдаалда турган адамдар: улгайган адамдар, жетим балдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн өкүлдөрү жана башка талапкер болсо;
- муниципалдык менчиктеги объект белгиленген тартипте эки жолу ачык тоорукка коюлуп, ижарага берилбесе.

74. Муниципалдык менчиктеги объекттерди түз сүйлөшүүлөр жолу менен ижарага алууга талапкерлер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органына арыз беришет, мында өтүнмөдө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- арыз ээси жөнүндө маалымат (фамилиясы, аты, атасынын аты, жашаган жери),
- муниципалдык менчиктеги объекттин жайгашкан жери жана аталышы,
- болжолдуу максаттуу багыты,
- муниципалдык мүлктү түз берүү үчүн негиздеме,

- жергиликтүү жамаат ала турган пайда.

75. Комиссия арызды жана тиешелүү документтерди карап чыгат, андан кийин чечим кабыл алат, бул чечим протокол түрүндө таризделет.

76. Комиссиянын чечиминин протоколу муниципалдык менчиктеги объектти түз сүйлөшүүлөр жолу менен берүү боюнча акыркы чечимди кабыл алуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы жергиликтүү кеңештин кароосуна киргизет.

77. Жергиликтүү кеңештин чечиминин негизинде жергиликтүү кеңештин токтому кабыл алынган күндөн тартып беш иш күндүн ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы менен ижарачынын ортосунда ижара келишими түзүлөт.

## 9-глава. Муниципалдык мүлктү пайдаланууга же ижарага берүүдө келишимдик мамилелердин өзгөчөлүктөрү

78. Муниципалдык мүлктү пайдалануу келишими ижарага берүүчү белгилеген мөөнөткө түзүлөт .

79. Муниципалдык мүлктү ижарага берүү мөөнөтүн ижарага берүүчү белгилейт.

80. Пайдалануу же ижаралоо келишиминин шарттарына өзгөртүүлөр жана толуктоолор тараптардын колдонуудагы ижара келишимине кошумча макулдашуу түзүү жолу менен киргизилет.

81. Ижара келишиминин мөөнөтү бүткөнгө чейин бир айдан кечиктирбестен өз милдеттерин талаптагыдай аткарган ижарачы жана ижарага берүүчү тараптар колдонуудагы ижара келишимине кошумча макулдашуу түзүү жолу менен ижаралоо келишимин ошол эле мөөнөткө узарта алышат.

82. Ушул Жобонун 82-пунктуна ылайык ижара келишимин узартуу жөнүндө кошумча макулдашуу айрым бир шарттар менен түзүлөт, эгерде ижарачы:

1) ижара акысын, туумдарды, коммуналдык төлөмдөрдү, эксплуатациялык чыгымдарды, жер салыгын жана мүлк салыгын төлөө боюнча карызы болбосо (эгерде аларды төлөө милдети ижарачыга жүктөлсө);

2) ижара акысын өз убагында төлөбөгөндүгү форс-мажордук жагдайлардан улам келип чыккан учурларды кошпогондо, ижарага алган мөөнөт ичинде ижара акысын бир нече жолу кечиктирбесе;

3) конкурстун жыйынтыгы боюнча түзүлгөн ижара келишиминде каралган милдеттенмелерди аткарса.

83. Ижарага берүүчүнүн кошумча макулдашуу түзүүдөн жүйөлүү баш тартуусу ижарачыга келишимди узартуу тууралуу сунушту алган учурдан тартып беш иш күндөн кечиктирбестен жазуу жүзүндө жиберилүүгө тийиш.

84. Ижара мөөнөтүн узартууда ижара акысы тараптардын макулдашуусу боюнча белгиленет.

85. Ижара келишими төмөнкү учурларда токтотулат:

1) келишимди колдонуу мөөнөтү жана/же мындай ижара келишимин узартуу жөнүндө кошумча макулдашуунун мөөнөтү аяктаганда;

2) тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча ижара келишими бузулганда;

3) тараптардын биринин талабы боюнча сот ижара келишимин мөөнөтүнөн мурда бузганда;

4) ижарачы – юридикалык жак жоюлганда;

5) жеке жак – ижарачы каза болгондо, ал аракетке жөндөмсүз, аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген же дайынсыз жок деп табылганда;

6) ижарачы ижара акысынын өлчөмүн өзгөртүүгө макул болбогондо.

86. Ижарага берүүчү келишим шарттарын бузган ижарачыдан буларды четтетүүнү талап кылууга укуктуу. Эгерде:

1) ижара объектисин же мүлктүн багытын ижара келишиминин шарттарын бузуу менен колдонуп жатса;

2) муниципалдык мүлктү ижарага берүүчүнүн макулдугусуз субижарага өткөрүп берсе;

3) ижара келишиминде белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин катары менен эки жолудан ашык ижара акысын төлөбөсө;

4) эксплуатациялоо процессинде ижара объектинин техникалык мүнөздөмөлөрү начарласа, же зыянга учураса, аларды жоюу үчүн оңдоо-калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү талап кылынса;

87. Ижарачы төмөнкү учурларда ижарага берүүчүдөн келишимдик милдеттенмелерди аткарууну же кетирген кемчиликтерди четтетүүнү талап кылууга укуктуу:

1) ижарага берүүчү келишимдин шарттарына ылайык ижара объектисин пайдаланууга тоскоолдуктарды жаратса;

2) ижарага берилген муниципалдык мүлктүн кемчиликтери болсо, ижара келишимин түзүүдө айтылбаса жана келишим түзүүдө ижара объектисин карап чыгуу учурунда аныкталбай калса.

88. Ижара келишимин токтотуу ижарачыны ижара акысын төлөө жана туумдар менен айыптарды төлөө зарылчылыгынан бошотпойт.

89. Ижарачы ижара мөөнөтүнүн ичинде капиталдык ремонт жасаган учурда тараптардын макулдашуусу боюнча ремонт иштерине кеткен чыгымдар ижара акысы катары эсепке алынышы мүмкүн.

90. Муниципалдык мүлктүн эскиришин калыбына келтирүү жана амортизациялык чегерүүлөрдү топтоо боюнча тараптардын милдеттенмелерди аткаруусу боюнча талаптарды көрсөтүү ижара келишимин түзүүдө милдеттүү шарт болуп саналат.

91. Ижарага берүүчү амортизациялык чегерүүлөрдү топтоо боюнча шарттардын сакталышына көзөмөлдү камсыз кылууга милдеттүү.

92. Ижара объектисин кабыл алуу-өткөрүп берүү жөнүндө шарттар ижара келишимине киргизилүүгө тийиш.

93. Эгерде ижара келишиминде башкача каралбаса, ижара объектисин кабыл алуу-өткөрүп берүүгө даярдоо ижарага берүүчүнүн милдети болуп саналат жана анын эсебинен жүзөгө ашырылат.

94. Келишим токтотулганда ижарачы ижара объектисин жакшы абалда ижарага берүүчүгө кайтарып берүүгө милдеттүү.

95. Ижара келишими боюнча милдеттенмелер аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган учурда тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жарандык-укуктук, тартиптик же жазык жоопкерчилигине тартылышат.

96. Күнөөлүү тарап экинчи тарапка келтирилген материалдык зыяндын жана ижара келишими боюнча өз милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган бардык чыгымдардын ордун толтурууга милдеттүү.

1-тиркеме

Кимге:____________________
жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысына
Кимден:
______________________________
(аты-жөнү)
______________________________

Тел.:____________________________

**АРЫЗ**

______________________________ муниципалдык менчиктеги объектти ижарага берүү боюнча тоорукка (аукционго/конкурска) катышууга уруксат берүүңүздү өтүнөм.

Тиркелген документтердин тизмеги:

1) ______________________________________________________________

2) ______________________________________________________________

3) ______________________________________________________________

4) ______________________________________________________________

Өтүнмө ээсинин кол тамгасы ______________________________________________________________
(инициалдары жана фамилиясы)

20 ____-жылдын "___" ______________

Өтүнмөнү каттоо күнү жана номери

20____-жылдын "___" ___________ № ______

______________________________________________________________
(өтүнмөнү кабыл алган адамдын кызматы, инициалдары жана фамилиясы, кол тамгасы)

2-тиркеме

# КАБАРЛАМА

**(документтерди каттоо жана кабыл алуу жөнүндө)**

20___-жылдын «___»-________________________

__________________шаары/айылдык аймак

Каттоо номери ________________

1. Кимден:

______________________________________________________________________

**(фамилиясы, аты, атасынын аты, талапкердин – жеке жактын паспортунун** номери,

______________________________________________________________________

**юридикалык жактын аталышы)**

____________________________ муниципалдык менчигинде турган жана _______________________________________________дареги боюнча жайгашкан

**(жайгашкан жердин сүрөттөлүшү)**

**объектти ижарага алуу үчүн тоорукка (аукционго, конкурска) катышууга өтүнмө кабыл алынды.**

2. Тоорук (аукцион, конкурс) 20 ___-жылдын "___"______________өтөт.

________________________________**имаратындагы кабинеттин №** __________

**Дареги** ________________________________________________________

**(жайгашкан жери – толугу менен жазылат)**

**3. Өтүнмө менен катар төмөнкү документтер кабыл алынды:**

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

**Талапкердин өтүнмөсүн кабыл алуу жана каттоо үчүн жоопту адамдын аты-жөнү, кызматы жана кол тамгасы**

______________________________________________________

**(кол тамгасы)**

3-тиркеме

**Өтүнмө ээлерине (талапкерлерге) тоорукка катышууга уруксат берүү жөнүндө**

20___-жылдын «___»-__________________№ _____

**ПРОТОКОЛ**

Комиссиянын курамы:

Төрагасы ____________________________________________________

Катчысы ______________________________________________________

Комиссиянын мүчөлөрү ________________________________________________

Өтүнмөлөрдүн саны ______________________

Тоорукка катышууга уруксат алган өтүнмө ээлери (талапкерлер) (аты-жөнү):

1. ____________________________________________________________

2. ____________________________________________________________

3. ____________________________________________________________

Тоорукка катышууга уруксаты жок өтүнмө ээлери (талапкерлер) (аты-жөнү):

1. ________________________________(уруксат берилбеген себебин көрсөтүү менен)

2. ________________________________(уруксат берилбеген себебин көрсөтүү менен)

3. ________________________________(уруксат берилбеген себебин көрсөтүү менен)

Комиссиянын төрагасы ___________________________________

4-тиркеме

**Аукционду өткөрүүнүн жыйынтыктары жөнүндө**

**20___-жылдын «___»-____________________№ _____**

## ПРОТОКОЛ

Аукциондун уюштуруучусу: ____________________________________________

Аукционду алып баруучу: ____________________________________________

Жеңүүчү: ____________________________________________

Экинчи жеңүүчү: ____________________________________________

Ушул лот боюнча аукционго катышкан катышуучулардын саны________________

Номер ________лот

Объекттин аталышы ____________________________________________

Жайгашкан жери____________________________________________

Объекттин мүнөздөмөлөрү (аянты, жылы ж.б.)______________________________

____________________________________________

Ижара мөөнөтү ____________________________________________

(сандар жана сөз менен)

Баштапкы баасы ____________________________________________

(сандар жана сөз менен)

Акыркы баасы ____________________________________________

(сандар жана сөз менен)

Тооруктарды уюштуруучу____________________________________________

(аты-жөнү)

(кол тамгасы)

Аукционду алып баруучу____________________________________________
(аты-жөнү)

(кол тамгасы)

Аукциондун жеңүүчүсү ____________________________________________
(аты-жөнү)

(кол тамгасы)

5-тиркеме

**Муниципалдык менчиктеги объектти ижарага берүү укугуна конкурс өткөрүүдө баалоо критерийлери**

| № | Критерийдин аталышы | Баалоочу упайлар |
|---|---|---|
| 1. | **Бул объект үчүн коюлган максатка жетүүнүн негиздүүлүгү** | |
| | - максатка жетүү мүмкүн болбойт деген жогорку тобокелдиктер | 0 |
| | - максатка жарым-жартылай жетүүгө болот | 10 |
| | - максатка жетүү ыктымалдыгы жогору | 20 |
| 2. | **Жергиликтүү жамаатка тийгизген оң таасири** | |
| | - пайданы жарандардын чакан тобу көрөт | 5 |
| | - оң таасирин бардык айыл сезет | 10 |
| | - оң таасир шаардын/айыл аймагынын бардык чегинде болот | 20 |
| 3. | **Муниципалдык менчиктеги объектти туруктуу пайдалануу** | |
| | - мүлктүн эскиришин калыбына келтирүүнүн туруктуу ыкмалары каралган эмес | 0 |
| | - эскирген мүлктү калыбына келтирүү ыкмалары формалдуу мүнөзгө ээ | 5 |
| | - келечекте аларды максаттуу пайдалануу менен амортизациялык чегерүүлөрдү топтоо ыкмалары толугу менен каралган | 10 |
| 4 | **Жарандардын аялуу топторуна тийгизген таасири** | |
| | - жарандардын аялуу топторуна колдоо көрсөтүү каралган эмес | 5 |
| | - калктын аялуу катмарындагы адамдар үчүн белгилүү бир жумуш орундарын түзүү болжолдонууда | 10 |
| | - долбоор толугу менен жарандардын аялуу топторун колдоого багытталган | 25 |
| 5. | **Инновацияларды киргизүү** | |
| | - инновациялар жок | 0 |
| | - инновация өтүнмө ээсинин өзүнүн ишин жакшыртууга таасир этет | 10 |
| | - инновация бүтүндөй жамааттын өнүгүшүнө таасир этет | 25 |
| | Бардыгы | Максималдуу 100 балл |

6-тиркеме

**Конкурсту өткөрүүнүн жыйынтыктары жөнүндө**

**20___-жылдын «___»-____________________№ _____**

## ПРОТОКОЛ

Комиссиянын курамы:

Төрага ____________________________________________________________

Катчы _____________________________________________________________

Комиссиянын мүчөлөрү_________________________________________________

Жеңүүчү: __________________________________________________________

Экинчи жеңүүчү: ____________________________________________________

Объекттин аталышы ___________________________________________________

Жайгашкан жери______________________________________________________

Объекттин мүнөздөмөсү (аянты, жылы ж.б.)______________________________

_________________________________________________________________

Ушул лот боюнча түшкөн сунуштардын саны ______________________

| Катышуучу | Конкурстук сунуш | Упайлардын саны |
|---|---|---|
| Конкурстун жеңүүчүсү | | |
| Экинчи жеңүүчү | | |
| ж.б. | | |

Ижара моонөтү ______________________________________________________

(сандар жана сөз менен)

Ижара акысы ________________________________________________________

(сандар жана сөз менен)

Конкурстук комиссиянын төрагасы ______________________________________

(аты-жөнү) (кол тамгасы)

Конкурстук комиссиянын катчысы ______________________________________

(аты-жөнү) (кол тамгасы)

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги V- сессиясынын № 31 Токтому**

**Арал айылы** **06.06.2024-ж.**

**Айыл тургундарынын арыздарын кароо**

Көпүрө-Базар айылындагы айыл өкмөтүнүн бош калган имаратынын бир бөлмөсүнө укалоо жана дары челекке салып дарылоо үчүн пайдалануу үчүн түз берүү жолу менен ижарага берүү жөнүндөгү айыл тургуну Мейманбек кызы Айгеримдин арызын карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Мейманбек кызы Айгеримдин арызы канааттандырылсын.
2. “Мүлкко муниципалдык менчик жөнүндө” КР Мыйзамынын 15- беренесинин Жоболорунун негизинде тоорук өткөрүлбөстөн түз берүү жолу менен ижарага берилсин.
3. Муниципалдык жер участокторуна менчик же ижара укуктарын берүү , муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү, пайдаланууга ижарага берүү боюнча комиссияга милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышы бюджет жана экономика, өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРАКОЛЬСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги V- сессиясынын № 32 Токтому**

**Арал айылы** **06.06.2024-ж.**

**Каракол айыл өкмөтүнүн алдындагы коомдук алдын алуу борборунун (КААБ) Жобосун бекитүү жөнүндө**

Каракол айыл өкмөтүнүн алдындагы коомдук алдын алуу борборунун (КААБ) Жобосун карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Каракол айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн коомдук алдын алуу борборунун (КААБ) Жобосу бекитилсин.
2. Айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн коомдук профилактикалык борборуна бекитилген Жобонун негизинде иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн .

**Төрага** **Ф.К.Токушев**

Каракол айылдык Кеңешинин 2024-жылдын
6-июнундагы VIII-чакырылышынын V -
сессиясынын № 32 токтомунун менен
бекитилген. ________ Ф.Токушев

**Каракол айыл өкмөтүнүн алдындагы коомдук алдын алуу борборунун уставы (КААБ)**

## 1.Жалпы жоболор

1. Коомдук алдын алуу борбору мындан ары (КААБ)-жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары(ЖОБО) тарабынан көрсөтүлгөн административдик аймактык бирдиктердин жана алардын курамына кирген айрым калктуу конуштардын тиешелүү аймактарында укук бузууларды алдын алууну уюштурууга жана жүргүзүүгү ЖӨӨБ менен жарандардын биргеликте катышуусу максатында тиешелүү администратавдик аймакта түзүлүүчү комерциялык уюм эмес.

2. Уюмдун толук аталышы:

– Каракол айыл өкмөтүнүн «коомдук алдын алуу борбору» коомдук бирикме.

- расмий тилде Общественное обьеденение «Общественно-профилактический центр»(ОПЦ) Каракольского айыл окмоту.

Уюмдун кыскартылган аталышы:

- Каракол айыл өкмөтүнун «КААБ »КБ . «ОПЦ» ОО

3. Коомдук алдын алуу борбору өз ишин «Кыргыз Республиксынын Мыйзамына,Кыргыз республикасынын укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө жана чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларына жана ошондой элс мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ушул уставка ылайык ишке ашырат.

4. КААБ юридикалык өз алдынча мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн аталышы жазылган мөрү менен штампы бар жак болуп саналат.

5. КААБ нун иши ыктыярдуулук,мыйзамдуулук,инсанды урматтоо.жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана калк менен өз ара аракеттенүү принциптеринде уюштурулат.

6. КААБнун юридикалык дареги: Каракол айыл өкмөтү, Чыныке Бий көчөсү №1

7. КААБнын туруктуу иш алып баруучу органынын Кеңешинин юридикалык дареги: Каракол айыл өкмөтү , Чыныке Бий көчөсү № 1.

## 3. КААБнун максаттары жана милдеттери

8. КААБнун максаты ЖООБнун жергиликтүү коомдоштуктун,жарандык коомдун,Арал айылында жашаган,менчигинин түрүнө карабастан уюмдардын жана мекемелердин күч аракеттерин мыйзам бузуулардын алдын алууга,аныктоого,бөгөт коюуга,аларды жасоого мүмкүндүк берүүчү жагдайларды жоюу.жарандардын тартибин жана коопсуздугун камсыз кылууга багытталган иш-чараларды жүргүзүүгө бириктирүү.

9. КААБнун милдеттери төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Мыйзам бузуулардын алдын алууга багытталган алдын алуучу чараларды коргүү.

- укутук билимдерди пропагандалоо.

-мыйзам бузууларды жана коомго каршы аракеттерди алдын алуу,аларды жасоого мүмкундук берүүчү себептерди жана шарттарды аныктоо жана жоюу жолу менен жарандардын укуктарын,эркиндигин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын мыйзамга каршы аракеттерден коргонууну камсыз кылуу.

- жашы жете электерлин көзомөлсүз калуусун алдын алуу боюнча иш-чараларга катышу.

- мыйзам бузуулардын алдын алууга тиешелүү мыйзамдардын жана башка ченемдик укутук актылардын долбоорлорун талкулоого,тийиштүү сунуштарды даярдоого катышу.

- Арал айыл окмөтүнүн курамына кирүүчү айрым участоктордун,калктуу конуштардын аймактарында мыйзам бузуулардын абалына жана динамикасына мониторинг жүргүзүү.

9 Кылмыштуулуктун алдын алуу , коомдук тартипти сактоо,мыйзам бузуулардын абалын талдоонун негизинде иштелип чыккан алдын алуу иш-чараларынын планына ылайык ишке ашырат.

10. КААБнун ишинин артыкчылык багыттары болуп төмөнкүлөр белгиленет:

- жалпы алдын алууну (социалдык,экономикалык,саясий укуктук жана башка кылмыштуулукка каршы факторлорду активдүү пайдаланууга мыйзам бузууларга жол бербөө) камсыз кылуу.

## 4. КААБнын укуктары жана милдеттери:

11. КААБнун озүно жүктөлгөн милдеттерди ааткарууда төмөнкүлөргө укуктуу:

- ЖООБ органдарында жана мамлекеттик бийлик органдарында өз укугун,КААБнун мүчолөрүнүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жана билдирүүго:

- КААБ нун иши жөнүндо маалыматтарды жайылтууга:

- уставтын максаттарын ишке ашырууга тиешелүүү маселелер боюнча демилге көтөрүүгө жана мамлекеттик,ЖООБ бийлик органдарына сунуштарды киргизүүгө:

- мамлекеттик жана коомдук уюмдар менен келишимдик мамилелерди түзүүгө,КААБнун ишинин максаттарына шайкеш келген,Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка иш-аракеттерди жасоого:

- Арал айылында жайгашкан ишкана мекемелердин жана комерциялык түзүмдөрдүн жетекчилери менен укуктук тартипти чыңдоо маселелери боюнча кызматташууга:

- ЖОБОнын жыйындарында,конференцияларда жана семинарларда КААБнун компетенциясына кирген маселелер боюнча катышууга:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте ассоциацияларды жана бирикмелерди түзүүгө ички жана чет өлкөдөн инвестицияларды гранттарды жана башка трансферттерди тартууда укук бузуулардын алдын алуу маселелери боюнча программалардын ар түрдүү долбоорлорун иштеп чыгууга:

12. КААБ томөнкүлөргө милдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын,өз ишинин чөйрөсүнө тиешеси бар эл аралык принциптерин жана ченемдерин жана ушул уставда каралган ченемдерди сактоого:

- дайыма, жылына бирден кем эмес жолу жергиликтүү коомдоштуктун, жергиликтүү кеңештин жана тиешелүү деңгээлдеги укук коргоо органдарынын координациялык кеңешмесинин алдында мыйзам бузуулардын алдын алуу боюнча өз иши жөнүндө отчет берүүгө;

- мыйзам бузуу фактылары жөнүндө ички иштер органдарына (мындан ары - ИИО) маалымдоого, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чараларды көрүүгө;

- коомдук бирикмелерди каттаган органдын суроо-талабы боюнча КАБдын жетектөөчү органдарынын жана кызмат адамдарынын чечимдери менен документтерди берүүгө;

- жарым жылдыктын жана жылдын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өзүнүн иши жөнүндө дайыма маалымат берүүгө:

- тиешелүү мамлекеттик органдарга ченемдик укуктук актыларда белгиленген мөөнөттө жана тартипте тийиштүү маалыматтарды жана отчетторду өз убагында берүүгө;

- жалпыга маалымдоо каражаттары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын сайты аркылуу коомчулукка КАБдын иши жөнүндө мезгил мезгили менен маалымдап турууга;

- КАБдын кадыр-баркы жана имиджи жөнүндө кам көрүүгө, анын идеяларын пропагандалоого.

## 5. КАБдын мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери

13. КАБга мүчөлүк ыктыярдуу негизде, жеке жана (же) жамааттык тартипте, жеке жана (же) жамааттык кайрылуунун негизинде ишке ашырылат.

14. Айылдык аймакта туруктуу жашаган же иштеген, 18 жашка толгон, иш-аракетке жөндөмдүү Кыргыз Республикасынын жарандары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары, ИИОнун кызматкерлери, ИИОнун жана эмгектин ардагерлери, аксакалдар сотторунун, аялдар жана жаштар кеңешинин, коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле ишканалардын, окуу жайлардын жетекчилери, айылдык, шаардык кеңештердин депутаттары, кварталдык, турак-жай комитеттеринин, кондоминиумдардын төрагалары жана өзүнүн моралдык-иштиктүү сапаттары боюнча коомдук тартипти коргоо милдеттерин ийгиликтүү аткарууга жөндөмдүү жарандар КАБдын мүчөлөрү боло алышат.

15. КАБдын мүчөлөрү өз милдеттерин аткарууда мамлекеттин коргоосунда болушат. Алардын кол тийбестиги, ар-намысы жана кадыр-баркы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте корголот.

16. КАБдын мүчөлөрү бирдей укукка ээ болушат жана бирдей милдеттерди аткарышат.

17. КАБдын мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

- жалпы чогулуштарга катышууга;
- КАБдын жетектөөчү жана контролдоочу-ревизиялык органдарына шайлоого жана шайланууга;
- КАБга анын иши менен байланышкан маселелер боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- КАБдын пландалган иш-чаралары жөнүндө маалымат алууга;
- КАБ тарабынан өткөрүлүүчү иш-чараларга катышууга.

18. КАБдын мүчөсү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- КАБдын Уставын сактоого;
- КАБдын ишине катышууга;
- КАБдын жетектөөчү органдарынын чечимдерин аткарууга;
- КАБ тарабынан өткөрүлүүчү иш-чараларга, жалпы чогулуштарга катышууга.

19. КАБга мүчөлүк төмөнкү учурларда токтотулат:

- жеке арызынын негизинде;
- КАБдын жетектөөчү органынын чечиминин негизинде КАБдын мүчөлүгүнөн чыгаруу;
- КАБдын мүчөсү каза болгондо;
- КАБдын мүчөсү ден-соолугунун абалы боюнча оз милдеттерин аткарууга жөндөмсүз болгондо;
- КАБдын мүчөсү ишке жөндөмсүз деп таанылган учурда;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

20. КАБдан чыгаруу төмөнкү учурларда жүргүзүлөт:

- ушул Уставдын талаптарын бузганда;
- жарандын ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирүүчү жоосундарды жасаганда;
- КАБ дын ишине үч жолудан ашык катышуудан баш тартканда.

## 6. КАБдын жетектөөчү органдары жана алар тарабынан каралуучу маселелер

21. КАБдын жогорку органы болуп жалпы чогулуш эсептелет.

22. Жалпы чогулуш эгерде, чечим кабыл алууга анын мүчөлөрүнүн үчтөн биринен кем эмеси, ал эми коомдук бирикменин 100дөн ашуун мүчөсү болгон учурда - 25 мүчөсүнөн кем эмеси катышса кворумга ээ болот.

23. Жалпы чогулуштун өзгөчө компетенциясын төмөнкү маселелер түзөт:

- Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
- КАБдын ишинин артыкчылыктуу багыттарын аныктоо, анын мүлкүн пайдалануу тартиби;
- коомдук бирикменин мүчөлөрүн кабыл алуу же андан чыгаруу (эгерде уставда башкача белгиленбесе);
- башкаруу органдарын түзүү тартиби;
- иши жөнүндө жылдык отчетту жана жылдык балансты бекитүү;
- башка юридикалык жактардын ишине катышуу;
- кайра уюштуруу жана жоюу;
- башка маселелер.

24. КАБ жалпы чогулуштун жыйындарын өткөрүү жана мүчөлөрдү кат жүзүндө сурамжылоо менен чечим чыгарышы мүмкүн.

25. КАБдын жалпы чогулушу зарылдыкка жараша, бирок жылына бирден кем эмес жолу чогулат.

26. КАБдын туруктуу иш алып баруучу органы болуп КАБдын Кеңеши (мындан ары - Кеңеш) саналат, ал КАБдын жалпы чогулушуна жана ЖӨБОго отчет берип турат.

27. Кеңештин курамы ЖӨБдүн аткаруучу органынын сунушу боюнча жергиликтүү кеңештин чечими менен 2 жылдык мөөнөткө бекитилет.

28. Кеңештин курамына уюмдардын, мекемелердин, окуу жайларынын жетекчилери, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, ЖӨБдүн аткаруучу органынын жооптуу кызматкерлери, кондоминиумдардын, балдар иштери боюнча комиссиялардын өкүлдөрү, ИИОнун жана башка укук коргоо органдарынын, коомдук бирикмелердин, жергиликтүү коомдоштуктун, КАБдын мүчөлөрү болуп саналган жарандык коомдун өкүлдөрү кире алышат.

29. Кеңештин чечими Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

30. Кеңештин компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- төраганы, анын орун басарын жана жооптуу катчыны шайлоо;
- мыйзам бузуулардын алдын алуу боюнча иштердин программаларын бекитүү жана ишке ашыруу;
- Кеңештин пландарын жана иш-чараларын бекитүү;
- ЖӨБОнун жана КАБдын жалпы чогулушунун чечими менен аныкталган милдеттерди ишке ашыруу;
- КАБдын мүчөлүгүнө кабыл алуу жана КАБдын мүчөлүгүнөн чыгаруу;
- мыйзам бузуулардын алдын алуу маселелерин жана башка социалдык көйгөйлөрдү чечүүдө активдүү катышкан жарандарды, коомчулукту сыйлоо жөнүндө өтүнүч каттарын киргизүү;
- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары, ЖӨБОнун локалдык актылары менен киргизилген, ушул Уставга каршы келбеген башка маселелер.

31. Кеңеш коомдук баштамашта иш алып барат. Кеңешке Кеңештин төрагасы, ал эми ал жок учурда Кеңештин төрагасынын орун басары жетекчилик кылат.

32. КАБдын Кеңешинин төрагасынын компетенциясына төмөнкү маселелер кирет:

- КАБдын жалпы чогулушунун чечимдеринин аткарылышын контролдоону уюштуруу;
- баардык мамлекеттик, жеке, коомдук уюмдарда жана бирикмелерде КАБдын атынан ишеним катсыз чыгуу;
- келишимдерди, макулдашууларды түзүү жана аларды бузуу;

- банктарда эсептерди ачуу жана КАБдын каражаттарын тескөө;

- КАБдын жалпы чогулушунун, Кеңештин өзгөчө компетенциясына кирбеген башка ыйгарым укуктар.

33. Кеңештин ишин уюштуруучулук камсыздоону Кеңештин жооптуу катчысы ишке ашырат.

34. Кеңештин чечими менен анын ишинин артыкчылыктуу багыттары боюнча Кеңештин жыйындарына материалдарды жана сунуштарды даярдоо, башка маселелерди чечүү үчүн туруктуу жана убактылуу жумушчу топтор жана секциялар түзүлүшү мүмкүн, алардын иштерине Кеңештин мүчөлөрү жетекчилик кылышат.

35. Кеңештин жыйыны кварталда бирден кем эмес жолу өткөрүлөт. Зарыл болгон учурда Кеңештин кезексиз жыйындары өткөрүлүшү мүмкүн.

36. Кеңештин жыйынын Кеңештин төрагасы, ал эми ал жок учурда Кеңештин төрагасынын орун басары алып барат.

37. Кеңештин жыйыны эгерде, ага Кеңештин мүчөлөрүнүн жарымынан кем эмеси катышса укуктуу деп саналат.

38. Кеңештин чечими жыйынга катышкан Кеңештин мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана протокол менен тариздelет, ага Кеңештин төрагасы же болбосо жыйынга төрагалык кылган адам кол коёт .

39. Кеңештин чечими сунуштама мүнөзүнө ээ. Кеңештин кабыл алынган чечимдери, сунуштары, сунуштамалары жөнүндө маалыматтар жалпыга маалымдоо каражаттары, коммунактивдүү байланыш аркылуу бийлик органдарына, коомчулукка жеткирилет.

## 7. КАБды кайра уюштуруу жана жоюу, ошондой эле анын Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби

40. КАБды кайра уюштуруу жана жоюу, ошондой эле анын Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү КАБдын жалпы чогулушунун чечими же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча жана тартипте соттун чечими менен ишке ашырылат.

41 КАБды кайра уюштуруу жана жоюу, ошондой эле анын Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө чечим жалпы чогулушка катышкан КАБдын мүчөлөрүнүн 2/3төн кем эмес добушу менен кабыл алынат.

42. КАБдын Уставындагы баардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор мыйзамда белгиленген тартипте мамлекеттик каттоого тийиш жана ошол катталган учурдан тартып юридикалык күчкө ээ болот.

43. Юридикалык жактардын бирдиктүү мамлекеттик реестрине тиешелүү жазуулар киргизилген учурдан тартып КАБ өз ишин токтотту деп саналат.

## 8. Мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

44. Мыйзамдарды бузган учурда КАБ жана анын мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

## 8. Ревизиялык-контролдоочу органы

45. КАБдын финансылык жана чарбалык ишин КАБдын жалпы чогулушу менен 2 жылдык мөөнөткө шайлануучу Ревизиялык комиссия (Ревизор) контролдойт.

46. КАБдын жетектөөчү жана аткаруучу органдарында кандайдыр бир кызмат ордун ээлеген адамдар Ревизиялык комиссиянын (Ревизор) мүчөсү боло алышпайт.

47. Ревизиялык комиссия (Ревизор) жалпы чогулушка отчет берет.

48. КАБдын баардык кызмат адамдары Ревизиялык комиссиянын (Ревизор) өз функцияларын аткаруусуна көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

## 9. КАБдын финансылык, чарбалык иши жана мүлкү

49. КАБдын иши төмөнкү булактардан каржыланат:

- жергиликтүү башкаруу органдары менен макулдашуу боюнча жергиликтүү бюджеттен;
- юридикалык жана жеке жактардын ыктыярдуу төгүмдөрүнөн;
- гранттар жана башка бекер жана кайтарымсыз жардамдардан;
- кандай формада болбосун кайтарылуучу жана төлөнүүчү карыз алууларды тартуудан тышкары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка булактардан.

50. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коомдук тартипти коргоого, анын ичинде мыйзам бузууларды алдын алууга көмөк көрсөтүүнүн айрым маселелерин аткарууну, ошол эле учурда берилүүчү ыйгарым укуктарды финансылык камсыздоо каражаттарын же булактарын аныктоо жана өткөрүп берүү менен КААБга өткөрүп берүүгө укуктуу.

51. Мыйзам бузууларды алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү, аларды финансылык камсыздоону аныктоо жөнүндө чечим тиешелүү жергиликтүү кеңеш менен макулдашуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы тарабынан кабыл алынат.

52. Менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилери өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде КАБды материалдык жана моралдык колдоо чараларын көрө алышат.

53. КАБга берилген материалдык жана материалдык эмес активдер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте КАБдын ыкчам башкаруусуна өткөрүлүп берилүүгө тийиш.

Каракол айылдык Кеңешинин 2024-жылдын 6-июнундагы VIII-чакырылышынын V - сессиясынын № 32 токтомунун менен бекитилген «Коомдук алдын алуу борборунун» (КААБ) уставынын негизинде түзүлгөн Коомдук алдын алуу борборунун курамы төмөндөгүдөй.

- Муратова Р.К. – Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары-жооптуу катчы, комиссиянын төрайымы;
- Эсенаманов Т.К. – уюштуруу иштери боюнча жетектөөчү адис, комиссиянын катчысы;

## КОМИССИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ:

- Арстанбеков Ш.А. – Аксакалдар Сотунун мүчөсү;
- Кожомуратов Ж.Ш. - Аксакалдар Кеңешинин мүчөсү;
- Жаналиева Г.С. – депутат,Аялдар Кеңешинин мүчөсү ;
- Шабданова А.Р. - Ден-соолук комитетинин мүчөсү;
- Талас райондук ички иштер бөлүмүнүн кызматкери - макулдашуу менен;